## ЗАПАСТАР ЖАНА РЕСУРСТАР


2012-жылдын 7-ноябрында компания кендин запастарын көбөйтүлүшү жана кен ишканасын эксплуатациялоо мөөнөтүнүн беш жылга узартылышы жөнүндө билдирген: KS-13 планына ылайык, ачык тоо-кен иштерин жүргүзүү мезгили 2023-жылга чейин, а руданы алтын ылгоочу фабрикада кайра иштетүү мөөнөтү 2026-жылга чейин узартылган.

| 2012-ж. 31-декабрына карата абалдагысы | Миң тонна руда | Алтындын курамы г/т менен | Алтындын курамы Миң унция | Алтындын курамы Тонна |
|---|---|---|---|---|
| **Алтындын запастары:** | | | | |
| тастыкталгандары - | 3 149 | 1,9 | 196 | 6,10 |
| прогноздолгондору - | 88 371 | 3,3 | 9 270 | 288,33 |
| **Запастар жалпысынан** | **91 520** | **3,2** | **9 466** | **294,43** |
| **Ресурстар:** | | | | |
| эсептелгендери (карьер) - | 21 975 | 2,3 | 1 631 | 50,73 |
| болжолдонулгандары карьер) - | 12 113 | 2,3 | 898 | 27,93 |
| болжолдонулгандары (жер астындагы штокверк зонасы) - | 351 | 10,7 | 121 | 3,8 |
| **Эсептелген жана болжолдонулган ресурстар жалпысынан** | **34 439** | **2,4** | **2 650** | **79,04** |
| **Алдын ала бааланган ресурстар:** | | | | |
| борбордук карьер - | 9 339 | 2,4 | 712 | 22,15 |
| жер астындагы штокверк зонасы - | 2 002 | 11,0 | 705 | 21,93 |
| жер астындагы SB зонасы - | 3 413 | 11,2 | 1 229 | 38,23 |
| **Алдын ала бааланган ресурстар жалпысынан** | **14 754** | **5,6** | **2 646** | **82,31** |

## 2013-ЖЫЛГА ПРОГНОЗ

- Компаниянын эсептөөлөрү боюнча, 2013-жылы «Кумтөрдө» алтын өндүрүүнүн көлөмү 550-600 миң унциядайды (17,1-18,7 тонна) түзөт.
- 2013-жылы бардык алтындын болжол менен 50%ы 4-кварталда казылып алынмакчы.
- Геологиялык чалгындоо иштерине 2013-жылы 13,5 млн. доллар жумшоо плндаштырылууда.
- 2013-жылы ачуу иштерин капиталдаштырууну алып салганда, жалпы капиталдык чыгымдоолор 95 млн. долларды түзүүгө тийиш, анын ичинде 64 млн. доллар негизги фонддорду модернизациялоого.
- KS-13 планы боюнча кен ишканасын эксплуатациялоо мөөнөттөрүн узартууга байланыштуу бир катар инфраструктура объектилерин көчүрүүгө чыгымдарды кошо алганда, кен ишканасын өнүктүрүүгө инвестициялар 2013-жылы 31 млн. долларды түзөт.
- Борбордук карьердеги ачуу иштерине байланышкан чыгымдар 212 млн. долларды түзмөкчү.



*«2012-жыл компания үчүн жеңил эмес болуп калды. Ал Кумтөр кениндеги муздуу бош тектин жылышуусу менен башталды, бул бизди тоо-кен иштерин түзөтүүгө мажбурлады. Ошентсе да биз жылдын аягына карата кырдаалды турукташтыра алдык. 2013-жылдын 4-кварталынын башталышына карата биз SB зонасында, алтындын курамы жогору участокто руда казып алууга киришүүнү пландаштырып жатабыз. Бул зонанын ресурстары көп жылдардан бери өндүрүштүк жүгүртүүдө турат жана аны иштетүү кен ишканасынын жакынкы жылдарга туруктуу иштөөсүн камсыз кылуу мүмкүнчүлүгүн бермекчи»*

*Майкл Фишер*
*«Кумтөр» компаниясынын президенти*

*“Центерра”жөнүндө кошумча маалымат SEDAR сайтында:* **www.sedar.com** *жана компаниянын сайтында:* **www.centerragold.com**, *жеткиликтүү, ошол эле жерден 2011-жылдын жыйынтыктары боюнча пресс-релиздин толук тексти менен таанышууга болот. «Кумтөр Оперейтинг Компани» жөнүндө маалымат* **www.kumtor.kg** *сайтында жеткиликтүү.*

**«Кумтөр Оперейтинг Компани»**
**«Центерра Голд. Инк.»**

Кыргыз Республикасы
Бишкек ш., 720031, Ибраимов к., 24
Тел.: (+996 312) 90 07 07, 90 08 08
Факс: (+996 312) 90 07 28

**www.kumtor.kg**
**www.centerragold.com**

**«Кумтөр» кен ишканасы** Кыргыз Республикасында жайгашкан, Борбордук Азиядагы батыш компаниясы тарабынан башкарылуучу эң ири алтын кен ишканасы болуп саналат. 1997-жылдын майында өнөр жайлык өндүрүш башталгандан 2011-жылдын 31-декабрына чейин «Кумтөрдө» жалпысынан 8,7 млн. унция же 271 тоннадай алтын өндүрүлгөн.

**«Кумтөр Оперейтинг Компани»** «Кумтөр» долбоорунун оператору болуп саналат жана бүтүндөй өндүрүштүк цикл үчүн жоопкерчилик тартат.

**Centerra Gold Inc.** («Центерра») Борбордук Азияда, мурдагы Советтер Союзунда жана башка өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө алтын кендерин алуу, чалгындоо, кайра иштетүү жана эксплуатациялоо менен алектенген, өнүгүүгө багытталган алтын өндүрүүчү компания болуп саналат. «Центерра» түндүк америкалык алдыңкы алтын өндүрүүчү жана ири батыш компаниясы – Борбордук Азиядагы алтын өндүрүүчү болуп саналат. «Центерранын» акциялары Торонтодогу фондулук биржада (TSX) CG символу астында жүгүртүлөт. Компания Канададанын Торонто шаарында жайгашкан.

Кыргыз Республикасы, «Кыргызалтын» ААКсы аркылуу «Центерранын» акцияларынын эң ири пакетинин - **77 401 766 акциянын** - 33%га жакынынын кармоочусу болуп саналат. 2012-жылдын 1-мартына карата Кыргызстандын акцияларынын пакетинин наркы **507 млн. долларды** түздү.

Азыркы учурда «Центерра» Кыргыз Республикасында жана Монголияда иштеп жаткан эки алтын кен ишканасына ээ. Андан тышкары, Компания Түркияда “Оксут” долборуна ээлик кылат жана Монголияда, Түркияда, Кытайда жана Россия Федерациясында перспективалуу объектилеринде геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүүгө үлүштүк катышы бар.





# 2012-ЖЫЛДЫН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

- **9,8 ТОННА** АЛТЫН ӨНДҮРҮЛГӨН
- КАПИТАЛДЫК ЧЫГЫМДООЛОР **399,9 МЛН. ДОЛЛАРДЫ** ТҮЗДҮ
- ГЕОЛОГИЯЛЫК ЧАЛГЫНДООГО ЧЫГЫМДООЛОР **11,8 МЛН. ДОЛЛАРДЫ** ТҮЗГӨН
- ТӨЛӨМДӨР ЖАНА БАШКА МИЛДЕТТҮҮ КОТОРУУЛАР **128 МЛН. ДОЛЛАРДАН** ЖЕ **6.07 МЛРД. СОМДОН** АШЫП КЕТТИ
- 1994-ЖЫЛДАН БЕРИ КЫРГЫЗСТАНДЫН ТЕРРИТОРИЯСЫНДАГЫ ТӨЛӨӨЛӨР **2 МИЛЛИАРД 150 МИЛЛИОН ДОЛЛАРДАН** АШЫП КЕТТИ

# НЕГИЗГИ ӨНДҮРҮШТҮК ЖАНА ФИНАНСЫЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨР

| | IV квартал, 31-декабрга карата | | | 12 ай, 31-декабрга карата | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2012** | 2011 | Өзгөрүүлөр | **2012** | 2011 | Өзгөрүүлөр |
| Өндүрүлгөн алтын *(унция менен)* | **189 438** | 138696 | 37% | **315 238** | 583156 | (46%) |
| Өндүрүлгөн алтын *(кг менен)* | **5 892,2** | 4313,9 | 37% | **9 805,0** | 18138,2 | (46%) |
| Сатып өткөрүлгөн алтын *(унция менен)* | **185 936** | 141897 | 31% | **314 987** | 599494 | (47%) |
| Сатып өткөрүлгөн алтын *(кг менен)* | **5 783,3** | 4413,5 | 31% | **9 797,2** | 18646,4 | (47%) |
| Сатып өткөрүүнүн орточо баасы *(унциясына АКШ доллары менен)* | **1709** | 1689 | 1% | **1694** | 1570 | 8% |
| Алтынды «Кыргызалтынга» сатуудан түшкөн жалпы каражат* *(млн. АКШ доллары менен)* | **317,8** | 239,7 | 33% | **533,6** | 941,1 | (43%) |
| Жалпы акчалай чыгымдоолор** *(салыктарды кемитип салганга чейин)* | **151,2** | 110,6 | 37% | **614,5** | 475,0 | 29% |
| Жалпы өндүрүштүк чыгымдоолор *(амортизацияны жана эскирүүнү эске алуу менен) (млн. АКШ доллары менен)* | **193,5** | 112,1 | 42% | **370,5** | 392,2 | (6%) |
| Капиталдык чыгымдар *(млн. АКШ менен)* | **83,9** | 28,5 | 195% | **399,9** | 180,7 | 121% |
| Геологиялык чалгындоолорго чыгымдоолор *(млн. АКШ менен)* | **2,9** | 2,9 | (7) | **11,8** | 13,6 | (11%) |
| Тоо-кен иштеринин көлөмү *(миң тонна)* | **38 185** | 37 124 | 3% | **147 610** | 150 605 | (2%) |
| Казылып алынган руданын көлөмү *(миң тонна)* | **4 463** | 1 095 | 308% | **4 955** | 6 020 | (18%) |
| Кайра иштетилген руданын көлөмү *(миң тонна)* | **1 547** | 1 450 | 7% | **4 756** | 5 815 | (18%) |
| Фабрикага берилүүчү рудадагы алтындын орточо курамы *(г/т)* | **5,13** | 3,80 | 35% | **2,79** | 3,79 | (26%) |
| Алтынды бөлүп алуу пайызы *(пайыз менен)* | **77,7** | 77,6 | 0% | **75,6** | 80,8 | (6%) |

** «Кумтөр» кен ишканасында өндүрүштүн акыркы продуктысы болуп Доре куймалары саналат, алар «Кумтөр Оперейтинг Компани» «Кыргызалтын» ААКсы жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ортосунда түзүлгөн Алтынды жана күмүштү сатып өткөрүү жөнүндө макулдашууда каралгандай, Кара-Балта шаарындагы аффинаж ишканасында андан ары кайра иштетилүү үчүн «Кыргызалтын» Ачык акционердик коому тарабынан сатылып алынат. Тазаланган алтынды жана күмүштү Кыргыз Республикасында жана анын чектеринен тышкары сатып өткөрүү укугуна «Кыргызалтын»ААКсы гана ээ.*

*** Жалпы акчалай чыгымдоолор (салыктарды кемитип салганга чейин) өзүнө төмөнкү чыгымдарды камтыйт: операциялык акчалай чыгымдоолор (руданы казып алуу, кайра иштетүү, өндүрүшкө салыктар (дүң кирешеге салыкты чыгарып салганда) жана административдик чыгымдоолор, капиталды колдоп туруу жана өсүүсү (анын ичинде капиталдаштырылган ачуу иштерине чыгымдоолор да), геологиялык чалгындоо иштерине чыгымдоолор жана жамааттарга инвестициялар.*

*Компания отчеттуулукка «Жалпы акчалай чыгымдоолор»жаңы көрсөткүчүн кошууну чечти, себеби бул метод иш жүзүндөгү өндүрүштүк чыгымдоолор жөнүндө толугураак түшүнүк берет. «Жалпы акчалай чыгымдоолор»(салыктарды кемитип салганга чейин) көрсөткүчү бухгалтердик эсептин жалпы кабыл алынган нормаларына кирбейт.*

# ТӨЛӨМДӨР ЖАНА БАШКА МИЛДЕТТҮҮ КОТОРУУЛАР

**2012-жылдын 31-декабрына карата**

| | Миң АКШ доллары менен |
|---|---|
| Дүң кирешеге салык * | 96 594,74 |
| Ысык-Көл областын өнүктүрүү фондуна взнос | 4 638,17 |
| Экологиялык төлөм | 310,00 |
| Киреше салыгы | 4 828,52 |
| КРнын Социалдык фондуна төлөмдөр | 19 886,43 |
| Бажы төлөмдөрү | 1 093,53 |
| Резидент эместердин кирешелерине салыктар | 566,96 |
| Башка салыктар жана милдеттүү которуулар | 109,77 |
| **Жалпысынан** | **128 028,13** |
| ***Маалымат үчүн:*** *31.12. 2012-ж. карата АКШ долларынын КРнын сомуна карата расмий курсу* | *47,4012* |
| **Төлөнгөн төлөмдөрдүн эквиваленти млн. сом менен** | **6 068 686,83** |

**Эскертүү:** *2009-жылдын 24-апрелиндеги «Кумтөр» долбоору боюнча жаңы шарттар жөнүндө макулдашууга ылайык, дүң кирешеге салыкты жана Ысык-Көл областын өнүктүрүү фондусуна взносторду эсептөө үчүн база катары көрсөтүлгөн мезгилге продукцияны сатуудан иш жүзүндөгү акчалай түшүүлөр саналат.*

* - *өзүнө салыктын бул түрү боюнча 30 млн. доллар өлчөмүндөгү авансты камтыйт*


# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТЕРРИТОРИЯСЫНДАГЫ ТӨЛӨМДӨР

2012-жылы Кыргыз Республикасынын территориясындагы төлөмдөр (салыктарды, аффинаж үчүн төлөмдү, жергиликтүү берүүчүлөргө товарларды жана кызматтарды бергендиги үчүн акы төлөөнү, инфраструктура боюнча төлөмдөрдү, кайрымдуулукту ж.б. кошо алганда) 298 млн. доллардан ашып кеткен.


| | **2012-ж.** Млн. доллар менен | **1994 – 2012-жж.** Млн. доллар менен |
|---|---|---|
| Салык, бажы ж.б. милдеттүү төлөмдөр | 103,194 | 627,453 |
| Кыргыз Республикасынын Соцфондуна төлөмдөр | 19,886 | 92,362 |
| Ысык-Көл областын өнүктүрүү фондуна взнос | 4,638 | 27,674 |
| Лицензиялар жана уруксат берүүлөр үчүн акы төлөөлөр | 0,259 | 2,279 |
| Экологиялык төлөмдөр жана курчап турган чөйрөнү коргоо агенттигинин пайдасына которуулар | 0,310 | 3,749 |
| «Кыргызалтын» ААКсынын пайдасына төлөмдөр | - | 11,421 |
| Аффинаж үчүн акы төлөө | 1,884 | 36,081 |
| «Центерранын» акцияларын сатып өткөрүүдөн түшкөн каражат | - | 86,000 |
| Дивиденддер | 5,836 | 50,249 |
| Кыргыз Республикасындагы сатып алуулар: *берүүлөр жана кызматтар -* | 54,178 | 537,014 |
| *азык-түлүк продуктылары -* | 5,278 | 46,471 |
| КРнын инфраструктурасына тиешелүү төлөмдөр: *электр энергиясы -* | 10,941 | 119,340 |
| *кен ишканасынан тышкары жолдорду жакшыртуу жана тейлөө -* | 1,530 | 35,333 |
| *«Тамга-Кумтөр» ЭБЛ -* | - | 41,612 |
| КОКтун кызматкерлеринин таза эмгек акысы | 66,575 | 378,652 |
| Санатордук дарылануу | 0,136 | 0,744 |
| Билим берүүнү колдоо, стипендиялар жана окутуулар | 0,074 | 3,839 |
| Демөөрчүлүк жардам жана туруктуу өнүктүрүү долбоорлору | 2,921 | 14,992 |
| Өкмөткө социалдык долбоорлорду жүзөгө ашыруу үчүн жардам | 21,000 | 31,000 |
| Жергиликтүү жамааттарга төлөмдөр боюнча макулдашуу | - | 4,400 |
| **Жалпысынан** | **298,641** | **2 150,664** |

# КОМПАНИЯНЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН РЕСПУБЛИКАНЫН МАКРОЭКОНОМИКАЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨРҮНӨ ТААСИРИ

*«Кумтөрдүн» өлкөнүн ИДПсындагы үлүшү*




*«Кумтөрдүн» өнөр жай өндүрүшүнүн жалпы көлөмүндөгү үлүшү*




* Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин алдын-ала маалыматтары боюнча.









